# Тарбиялык иштеринин журушу.

**2021-2022-окуу жылынын тарбиялык жана алдын алуу иштеринин максаттары,милдеттери жана койгойу.**

**1.Максаты**: Окуучулардын чыгармачылыгын онуктурууго,мекенди суйууго,укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого,батырлардын эрдигин унутпоого уйротуу.Балдарга карата зомбулукту,чыр-чатактарды,балдар арасында суициддик журум турумдарды,балдардын жол кырсыктарынын жаракаттарын,балдар эмгегинин эн жаман турун колдонууну,эксиремизимдин жана терроризмди,эрте никеге туруу менен кош бойлуулукту болтурбоо учун мектепте эфективдуу алдын алуу системасын тузуу.

**Милдеттер**

- Мектеп ичидеги балдардын коомдук иштерге катышуусуна шарттарды тузуу.
- Райондук областык,Республикалык иш чараларга катыштыруу
- Ата-энелер менен иш алып барам
- Класс жетечилер менен багытуу иш алып барам
- Коомдогу жоопкерчиликтуу жана жашоого жондомдуу адам калыптандырууда саламаттыкты сактоо маданиятын камсыздоо боюнча социялдык онуктуруу болумунун структурасы менен активдуу кызматташуу
- Оспурумдор арасында сергек жашоо учун позитивдуу мамилени жайылтуу.
- Балдардын чойросундогу чыр-чатактарын алдын алуу учун биргелешкен иш чаралар аркылуу ата –энелер коомчулугу менен оноктоштукту онуктуруу.

Койгой:

2022-2023-окуу жылына окуучулардын активдүүлүгүн арттырып, чыгармачыл окуучулардын катарын өстүрүп, райондук,областтык , республикалык сынактарга катыштыруу

Мектеп ичинде окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүнө жараша ийримдерге катыштыруу менен бирдикте чыгармачылыктарын арттыруу .

Класс жетекчилер менен тыгыз байланышта иш алып баруу  менен бирдикте окуучуларга тарбия берип,жоопкерчилигин күчөтүү

**Укуктук-программалык жана методикалык камсыздоо актыларынын аткарылуу иши.**

Кыргыз Республикасынын конституциясы.

Балдардын укуктары боюнча конвенцияда мыйзамга каршы иштер аткарылган жок.
Быйылкы окуу жылында окуучулардын укуктук-ченемдик билимди жогорулатуу иш планга киргизилишин  белгиленди.

Кыргыз Республикасынын президенти 2021-жыл боюнча жарлыгын «Инсандын руханий жана адеп-ахлактык өнүктүрүү жана жеке адамдын дене тарбиясы» аткарууда 23-сентябрь мамлекеттик тил статусун алган күнүн белгилөөдөокуучулар өз эне тилин сүйүүгө,сактоого кийинки муундарга жеткирүүгө тарбияланышты.
Кыргыз тилин даңазалоо,кыргыздын улуттук оюндарын,улуттук кийимдерин, улуттук тамактарын,жашоо шарттарын окуучуларга  мындан да мыкты билүүсүнө үйрөтүү керек экендиги баса белгиленди.

Кыргыз Республикасынын президентинин 2021-окуу жылдын 27-январыдагы №18 указы боюнча «Кыргыз элинин тарыхый жана маданий  мурастарын терең изилдөөгө жана жарандык патриотизмди калыптандыруу чаралары боюча «Манас» күнүнө карата 8-классынын окуучусу Кубанычбекова Айназик катышып  2-орундум ээледи.

**Чечим:**Кийинки окуу жылына манас айткан окуучларды мыкты даярдап,райондук-шаардык сынактарга катыштыруу керек экендиги белгиленди

.
Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 23-апрелдеги «Кыргыз Республикасында  энелер  күнүн белгилөө» жөнүндө №93 указын аткарууда мектеп ичинде иш-чаралар аткарылды.Мындан тышкары мектеп ичинде Ата-энелер менен бирдиктеГ.Мадеминовдун «Энелер мектебин» 2022-2023-окуу жылына ачууга,даярдыктар корулуп баштады.
Ата-энелер менен   тыгыз байланышта болуп ,  тарбиялык иш алып барып жатабыз.

**Чечим:**Кийинки окуу жылында ата-энелер менен байланышты мындан да бекем болушун белгиленди

Кыргыз Республикасынын президентинин 2001-жылдын 14-январындагы №9 «Мугалимдердин статусу» жөнүндөгү жарлыгы боюнча иш-чара өткөрүлдү

КРнын Мыйзамы 2008-жылдын 3-апрелиндеги №38 «Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жана кепилдиктери» жөнүндө жарлыктын аткарылышына мектеп окуучуларынын өз каалоолору менен чогулган маянага 3-декабрда мүмкүнчүлүгү чектелеген окуучуларга чакан белектер тапшырылды. 1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата Токмоктогу балдар интернатына мектептин атынан чакан концтоварлар жөнөтүлдү.
**Чечим**:Кийинки окуу жылына мүмкүнчүлүгү чектелеген окуучулар менен тыгыз иш алып барабыз деп белгиленди .

КРнын Мыйзамы 25.06.2005-жыл №82 «Укук бузууларды алдын алуу» боюнча аткарылган иштер:
«Укук бузуулардын алдын алуу» максатында «Тарбия башаты үй бүлөдөн баштала т» деген темада Мусаева Салыйман ата-энелер менен бирдикте семинар өттү.Ата-энелер балдарын бир гана мектепке тапшырып койбостон өздөрү да көзөмөлдөп туруу керектигин түшүнүштү.
**Чечим:**Жалпысынан НПА аткарылышы жакшы деп белгиленди.

**Мектептеги профилактикалык тарбиялык иштердин структурасы Мектептин ички көзөмөлү.**
2021-2022-окуу жылынын профилактикалык-тарбиялык иштердин структурасы КРнын мектеп окуучуларынын жана жаштардын 2021-2030-жылдарга билим берүү концепциясынын
1.Өзүн-өзү тарбиялоо
2.Үй бүлөлүк тарбиялоо
3.Башкалар менен мамиле түзө билүү
4.Эл жерди сүйүү,мекенчилдикке тарбиялоо
5.Жарандык аң сезимди тарбиялоо,укуктук тарбиялоо боюнча бнш багыттын негизинде план түзүлүп,ушул концепциянын неги зинде иш жүргүзүлдү.
Мектеп ичиндеги коюлган көзөмөлдөр ар бир айда өтүлгөн класс жетекчилер чогулушунда,административлык чогулушта директорлук кеңешмеде ар бир иш каралды.
Быйылкы окуу жылында профилактика боюнча педагогикалык кеңешмеде 4 жолу справка окулду.

1.Тартиби оор окучулар
2.Мектептеги тарбия көйгөйү
3.Мектеп формасы
4.Уюлдук телефон алып келген окуучуларга тушундуруу иштери жонундо
Апараттык кеңешмеде 5справка
Директор алдында кеңешмеде 5
-справка окулду
**Чечим:** Мектеп ичинде көзөмөл жалпы жонунан канааттандыраарлык деп белгиленсин,кийинки окуу жылында улантылсын.

**Патриоттук тарбия берүү:**
Максаты: Окуучуларды чынчылдыкка,мекенчилдикке,эли-жерин сыйлоого, сүйүүгө жана патриоттуулукка тарбиялоо
Патриоттуулук айында 17-март күнү «Жоокер ыры» райондук сынагы болуп,ага Жумабекова Айпери патриоттук ыры менен,Кубанычбекова Айназик көркөм окуу боюнча барып катышып,тилекке каршы орундарга ээ боло алган жокбуз. «Эч ким эч качан унутулбайт» деген темасында бурч уюштурулду.Ал эми 3-март «Ак калпак» күнү ,5-март «Туу» күнүнө карата мектеп окуучулары жана мугалимдер айыл өкмөтүнө келип чакан концерттик программа өтүп, «Туу» көтөрүлүп андан соң жөө жүрүш болуп өттү.
9-май «Баатырларга таазим» Улуу Ата Мекендик согуштун урматына айыл өкмөтүнүн катышуусунда эстеликке гул чамбарларды коюп«Аталарга таазим» темасында концерттик программа болуп өттү. “Мен өз мекенимди коргой алам” деген темада тарбилык сааттар өтулдү
**Чечим:**Кийинки окуу жылында «Жоокер ыры» сынагына мыкты көркөм окуу патриоттук ыр сынактарына мыкты катышып орундарга ээ болууга умтулуу.
**Дене тарбия:**
**дене тарбия** сабактарына катышкан окуучулар мектеп лигасына катышып,2-орунга ээ болушту. 1-11-класстар арасында “Дени сак жашоо”спорт оюндары болуп өттү.6-класстын окуучусу Султанбеков Чынгыз Кикбокска катышып жакшы жыйынтыктарды берип келет.Жайкы каникул учурунда Чолпон –Ата шаарына барып турнирге катышмакчы.
9-класстын окуучусу Эркинбеков Абдумалик
**Руханий жана адеп-ахлактык тарбия берүү:**
Адепсиздиктин акыры кылмыш деген темада Ахматалы у Н эркек балдарды чогултуп тегерек стол өткөрдү,Окуучулар кызыгуу менен катышып ,берилген суроолорго жооп беришишти.Ошондой эле Усупбекова Ш 9-класстар жана ата-энелери менен бирдикте «Уй бүлө адептүүлүктүн башаты»деген темада

семинар өткөрдү.Окуучулар ата-энелери менен жарышып кызыктуу болуп өттү.
**Чечим:**Кийинки окуу жылында Руханий адеп-ахлактык темаларын ата-энелер менен бирдикте мындан   да кызыктуурак түзүп окуучуларга терендетип тарбия берилсин .

**Экологиялык билим берүү**
9-апрель күнү «Бир окуучу-бир көчөт» акциясынын алкагында «Айлана-чөйрөнү коргоонун бир бөлүгү катары  мектептин тегерегинде ишембилик өткөрүлүп ар бир класс 1-ден көчөт алып келип отургузуп мындан тышкары 70-түп ясин көчөтү жана 25-туя көчөттөрү отургузулу.Мындан тышкары «Айлана –чөйрөнү жашылдандыруу» темасында бардык класстар мугалимдери менен бирдикте мектетиптин тегерегин тазалап,ишембилик иштерин жүргүздүк.
Чечейбаева Т. «Мекенимдин таштары,тунук суулары жанга даба» ачык класстык саат өттү.Ошондой «Канаттуулар» күнүнө карата 5-класстын окуучулары кнкттуларга уя жазашып,мектептин тегергиндеги бак-дарактарга орнотушту,ал эми мыкты жазагандарын райондук –шаардык сынакка алып барып жыйынтыгында Чолуков Ч. 3-орунга ээ болду.
«Дени сак улут-күчтүү өлкө» кербени боюнча 5-күндүк акция жарыяланып, «Биз сергек жашоону тандайбыз» темада планы түзүлүп бекитилди.
Сергек жашоого тарбиялоо максатында «Жашоону сүйүп жаша»  класстык сааттар, « Карачы жашоо кандай керемет» 8-класстарга семинар, «Атам,апам жана мен спорттук үй бүлөбүз» темасында видеоролик сынагы уюштурулду.
**Чечим**: Кийинки окуу жылында мектептин тегерегин жашылдандыруу максатында көчөттөрдүн саны көбүрөөк отургузулсун деп белгиленди.

**Укуктук билим берүү:**
Мектеп ичинде Кыргыз Республикасынын 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо КОНЦЕПЦИСЫнын Жарандык аң сезимди калыптандыруу жана укуктук тарбия пунктунун неизиндеЧТБББнөн келеген тапшырма боюнча  мектептин президенти Бактыбекова П,мектептин уютуруучусу Нурбек к Н. райондук-шаардык мектептердин уюштуруучуларынын катышуусунда иш-чара өтүштү.Жарандык-укук конвенциясы боюнча мектеп ичинде окуучулар арасында укук олимпиадасы өткөрүлүп,укук боюнча билимдери ортодон төмөн экендиги байкалды.
8.»Баланы тарбиялоодо мектеп менен  уй булонун милдеттери» деген темада Кадыркулова ата-эне жана мектеп окуучулары менен ангемелешуу

жургузду.Зомбулуксуз баланы тарбиялоо деген тема диспуд 5-11-класстар арасында отулду.
Январь айында окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша «Татыктуу үй бүлө куруу», «Менин максаттуу үй бүлөм», «Менин укугум», «Баланын укуктары», «Укугуңду жана милдетиңди билесиңби», «Баланын укугу жөнүндө конвенция» деген темаларды тарбия сааттар өтүлдү.Окуучулардын укуктары бузулса кандай иш чаралардын колдонобуз?(тегерек стол отулду)педколектив менен.
**Чечим:**Укуктук билим берүү боюнча болгон иш-чаралар жакшы деп табылсын.Кийинки окуу жылында ишти күчөтүү улантылсын.
**Суициддик көрүнүштөрдүн алдын алуу:**
Мектеп ичинде суициддик көрүнүштөр боюнча (Рэкетчиликти жоюунун жолдору», «Аганы көрүп ини өсөт» , деген темаларда ) ачык класстык сааттар, «Абийириңди жашыңдан сактагын,адашып жаман жолго баспагын» темасында Турганалиева 7-класстарга семинар өтүп, видеороликтер көрсөтүлдү. «Бул жашоо кандай таттуу» 6-8 класстар арасында диспуд отулду.
**Чечим:**Кийинки окуу жылында суициддик көрүнүштөрдүн алдын алуу боюнча тегерек стол,семинарлар ,диспуттар көбүрөөк өтүлсүн деп белгиленди.

**Балдардын жол кырсыктарынын алдын алуу:**
Сентябрьайынын башталышы менен «Жолдо жүрүүнүн эрежелери», «Жол белгилерин билесиңби» ачык классттык сааттары «Айдоочуга кат», «Жөө жүргүнчүгө кат» сынактары, «Жолдо жүрсөң абайла» дубал гезиттери жарыяланып класс жетекчилер жана уюштурууучу тарбынан ишке ашырылды. Декабрь айында «Кышкы жол эрежелерин сакта» темаларын бардык класс жетекчилер класстык сааттарды өтүп,окуучуларды инструктаж менен тааныштырып кол койдуруп алышты. «Урматуу айдоочу бизди уккула» сурот коргозмосу болуп отту.Жолдо журуу эрежесинин бир айлыгынын алкагында иш алып баруу(коргозмо).Жол кырсыктарын алдын алуу.
13.04.22. ЮИДД райондук сынагы болуп өттү.Ага катышкан окуучулар орунга ээ болушкан жок.Себеби жакшы даярдык көргөн жокбуз.
**Чечим:**Кийинки окуу жылында «Жол эрежелери» боюнча жол белгилерин мектептин кире беришине илип,ачык класстык сааттарды,тегерек столдорду көбүрөөк өтүүгө пландалды.Жолдо жүрүү эрежелери боюнча мектепте иш-чаралар күчөтүлсүн.

**Эрте никеге туруунун жана кош бойлуулуктун алдын алуу:**
11-октябрь кыздар күнүнө карата «Кыздар коомдун күзгүсү» деген темада жигиттерден тарабынан  чакан концерт уюштурулуп,куттуктоолор айтылды.ФАП кызматкерлери,мектеп директору.соц педагог тарбынан өздүк гигиена, «Эрте турмуш куруунун кесепеттери»,өзүн-өзү алып жүрүү темасында аты чогулуш өтүлдү.Март айында парламент мүчөлөрү,соц педагог,уюштуруучу менен биргеликте «Эрте нике куруу-бул сатылган балалык» деген темада семинар өтүлдү.
**Чечим**: кийинки окуу жылында кызларга  карата чогулуштарды , семинарларды,тегерек столдорду көбүрөөк өтүлсүн деп белгиленди

**ПАВдын алдын алуу:**
ПАВды пайдалануунун алдын алууда мектеп ичинде «Тамеки өмүр душманы» деген темада жогорку класстын эркек балдарына  9-10-класстын класс жетекчилери пландын негизинде кызыктуу диспут өтүп,ошону менен бирге тамеки,насывайдын  ден соолукка зыяндуулугун  акылдуу тактадан көрсөтүп беришти.5-6-7-класстарга Акиева Б. «Тамеки,насывайдын» зыяндуулугу оюнча тегерек стол өттү.Балдар кызыгуу менен көрүшүп, тамеки,насывайдын ПАВдын колдонбоо керек экендигин айтышты.
**Чечим:** Кийинки окуу жылында ФАПкызматкерлеринин,ата-энелердин,ИДН кызматкерлеринин катышуусунда ушул теманын үстүндө кененирээк токтолуу керек экендиги белгиленди
**Ийримдик иштин эффектүүлүгү:**
Кружоктук иштер 2-сменге коюлган. Мугалимдер 2-сменге атайын кружоктун жугуртмосу менен сабак отушот.Жумасына 2-жолу,саат 13.05 15.00го чейин  болот.Кружок иштеринин жыйынтыгыктары.Комуз кружогунда 27-окуучу окуйт.2021-2022-окуу жылында комуз кружогу коптогон жетикендиктерге ээ болду.Райондук мектептер аралык «Кыргыз тил майрамына» Т.Сатылганов «Чон кербез» күүсүн чертишти.5-каналга телевиденияга «Таазим « комузчулар ансамбили «Машботой»,»Чон кербез» күусүн ойноп катышып келишти.Кружоктук иштердин журушу,сабактардын берилиши  боюнча администрация сабактарга кирип катышып турушат жана директор алдындагы кенешмеде жыйынтыктары айтылып,сунуштар киргизилет.Кружоктук сабактардын отулушуно администарция сабактарына катышып,анализ жазып турушат.Чейрек ичинде кружоктук сабактарга 2 жолу катышып ,анализ берилип турат.Тарбия завучу Самарбек к А. Ахматаалы у.Н. «Топту ыргытуу», «Топту чабуу», «Топту тосуу», Тургуналиева А. «Он кол,сол кол комуз чертуудогу эрежелер», «Комуздун тоондорун тартиптери», «Залкар композиторлор» деген темадагы сабактарга кирип,сабактын отулушу боюнча анализ берилди.Сунуш,пикирлер киргизилди.Сабактарга катышуу дептерге жазылды.

Спорт кружогу спорт залда отот.Спорт залда ,2баскетболдук,1 волейболдук,футболдук 3 топтор, волейбол ойногонго сетка бар.Мектеп лигасы боюнча кыздар комадасы 2-орунга жетишип ал эми балдар командасы 3-орунга жетишти.Быйылкы окуу жылында жакшы жетишкендиктерге жетишип 2022-2023-окуу жылына шахмат кружогун ачуу пландалып жатат.Мектеп ичинде кружокторду ачуу менен окуучуларды райондук жана облустук сынактарга даярдап,окуучуларды дени сак жашоого тарбиялоого багыт берет жана «шыктуу» окуучуларды райондук,облустук сынактарга даярдайт.Спорт кружогуна жана комуз кружогуна окуучулар абдан кызыгат.Спорт кружогуна катышкандар зоналык жана райондук турнирлерде алдынкы орундарды ээлеп келе жатышат. Комуз кружогундагылар райондук кароо сынактардан алдынкы орундарды ээлеп,СТВ жана пирамида каналдарына барып, концерттик номерлерге катышып келишуудо.Ошондой эле мектепте драм кружок иштейт.Райондук жана мектеп ичиндеги иш – чараларга драм кружоктун катышуучулары сахналаштырылган сценкаларды даярдап берип турушат.

**Чечим:**

**Алдын алуу кеңешинин иши:**

Тарбиясы оор окуучулар мене ниш алып баруу.Мектеп ичинде одоно тартип бузган окуучулар болгон жок ,бирок сабакты көп калтырган жана сабактан кечиккен окуучулар катталды.Соц педагогдун ,уюштуруучу тарбынан иш чара көрүлдү.Окуучулар сабактан калбоого,кечикпөөгө сөз беришти.

Жаш курак өткөөл курак рейди 6-7-8-9-класстарга жүргүзүлгөн. Жыйынтыгында окуучулар кечинде чогулуш жасашууда болду. Бирок тактап айтканда эч кандай уруш,чатаксыз эле чогулушкан.Ата-энелер чогулушу өтүлүп кечки убакта балдарды саат 19:00дон жалгыз кечки убакта көчөгө чыгууга тыйуу салынаары айтылды.

Март айында мектеп ичинде соц категориядагы окуучулардын ийримдерге катышуусу боюнча УСРдин кызматкеринин катышуусунда отурум болуп анда окуучулар өздөрүнүн көңүлүнө жакан ийримдерге катышуусу.сабактан калбоосу эскертилди.

**Чечим:**Алдыналуу кеңешинин иши жакшы деп табылсын. Кийинки окуу жылында улантуу иштери жүргүзүлүп,администрацияга жүктөлсүн.

**Педагогикалык коллектив менен иштөө:**

20.09.21 Мектеп парламентинин шайлоосунөткөрүү.

13.09.21.Класс жетекчилер менен бирдикте класстык журналдардын толтурулушу жана техникалык коопсуздук,ЖЖЭри боюнча чогулуш болуп өткөрүлдү.
24.10.21. Сабактан көп кечиккен ,күндөлүк толтурбаган окуучулардын класс жетекчилери менен жыйын өткөрүлдү.
22.11.21. Класстык сааттардын өтүлүшү боюнча пед.кеңешмеде каралды
21.12.21.Сабакты көп калтырган,мектеп формасын кийбеген жана тартиби начар окуучулар мене ниш алып барылды.Директор алдындагы кеңешмеде бул иштер каралды .
19.01.22.Класстык журналдардын толтурулушу боюнча класс жетекчилерге чогулуш өткөрүлдү
25.02.22 Укук бузуунун алдын алуу боюнча пед кеңешмеде каралды
8.04.22 Тарбиялык иштерге анализ пед.кеңешмеде каралды
Класс жетекчилердин тарбиялык иш-чараларга ,район-шаардык сынактарга катышу кыймылы
**Көйгөй:** Жаш класс жетекчилерге класстык сааттарды,семинар өтүүнү үйрөтүү,кийинки окуу жылына даярдоо
**Чечим**: Кийинки окуу жылында класс жетекчилер менен бирдикте ачык класстык сааттар,семинарлар,тегерек столдорду өтүү иштер көбүрөөк улантылсын
**Ата-энелер менен иштөө:**
Ата-энелер институтунун бир жылдык планы түзүлүп,директор тарабынан бекитилди.
ИДН,класс жетекчи,соц педагог,уюштуруучу тарабынан окуучуларга рейд жүргүзүлүп турат
Тартиби начар окуучулардын ата-энелери менен жолугуу.Чыр чатактын алдын алуу ата –энелер менен биргеликте семинар отулду.
Ата-энелерден анкета алынып турат,мындан ары да анкета алып туруу
20.05.22 Энелер күнүнө карата энелердин катышуусунда концерттик программа уюштурулуп,биз сыймыктанган “эн жакшы” жана “жакшы” окууган окуучуларга айыл өкмөт тарабынан ардак громаталар тапшырылды.”Энелер мектеби” семинар.Окуучулар арасында пикир келишпестиктерди жоюу деген темада семинар болуп өттү. “Мыкты ата-эне жана мыкты окуучу”конкур болуп өттү.Конкурска мыкты деген ата-эне жана окуучулар 1-орунга 5-класстын окуучусу Шадыканова Дильноз жана апасы Джанаева Гулназ биринчиликке жетишти.Мектептин атынан сыйлыктар берилди.
**Чечим:** Кийинки окуу жылында энелер мектебин ачып, ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу керектиги белгиленди.

**ИДН,ҮДП,ЦСМ мене ниш алып баруу:**
2021-2022-окуу жылында бир жылдык план түзүлүп,бекитилди
ИДН кызматкерлери менен ай сайын тартиби оор ,ата-энеси мигрант,жашоо шарты оор үй бүлөлөргө рейдер жүргүзүлүп турат.
Ноябрь айында ИДН кызматкерлери келип жогорку класстын окуучуларын (эркек балдарга) чогултуп жыйын өткөрүштү.Анда жакын жайгашкан мектептин окуучулары менен конфликте болбоо,мектепке барсетка (сумка) көтөрүүгө тыюуу салынат,башка бирөөнүн буюмун албоо,тартип бузуулардын ,рэкетчиликтин алдын алуу боюнча өтүштү.

Февраль айында ИДН кызматкери ар бир класска кирип тартип бузуулардын, рэкетчиликти болтурбоо боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

Ай сайын «Ишеним почтасы» иштеп ага окуучулар салган каттардын негизинде протоколдор жазылып турат.

Апрель айында ҮДТкызматкелери тарабынан окуучуларды мед кароодон толук өткөрүлдү.

ҮДТ кызматкелери тарабынан кыздар чогулушу болуп турат (өздүк гигиена, эрте никеге туруу-бул кылмыш ж.б).Ошондой эле эркек балдарга «Тамекинин ,насывайдын» зыяндуулугу жугуштуу оорулар, коронавирус,омикрон ж.б.у.сыяктуу жыйын өткөрүп турушат .
Кийинки окуу жылында ҮДТ кызматкерлери менен бирдикте тыгыз иш алып барылсын

Чүй райондук социалдык өнүгүү башкармалыгынан:
-чейрек сайын мигрант балдар каттоого алынып турат.
Чуй районундагы соц. кызматкерлери тарабынан келишип “Эрте турмуш куруу” “Тамеки чегуунун зыяндуулугу” “Балдарга карата зордук зомблуктун алдын алуу” деген темада 2жолу келип семинар өттуп кетишти.
**Чечим:** ИДН,ҮДП,ЦСМкызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн иштер канаттандыраарлык деп табылсын.Эмки окуу жылында аткарылбаган иштер аткарылсын. Ишти көзөмөлгө алуу администрацияга жүктөлсүн.

**Көйгөйлөр жана мүмкүн болгон чечимдер:**
Быйылкы окуу жылындагы көйгөйлөр: Мектеп ичинде музыкалык аппаратуранын бузулуп калганы көйгөй жаратты.

ЮИДД формасынын эскилиги жетти.Бий,ыр кружокторунун жоктугу ,жана баардык иш-чараларга форма жоктуган катыша албай калгандыгыбыз.

**Чечим:** Музыкалык аппаратураны жаңылоо,ЮИДДформасын жаңылоо

**2022-2023-окуу жылынын максаттары,милдеттери жана артыкчылыктары**

-Ата-энелер менен байланышты күчөтүү;

- Окуучулар менен тыгыз байланышты күчөтүү,парламент мүчөлөрү менен иштөө;

-жаштардын жана балдардын арасындагы укук бузууларды жана кылмышарды алдын алуу боюнча иш-чараларды пландаштырып ишке ашыруу;

-кружок иштерин көзөмөлдөөнү күчөтүү

-укук бузуунун,зордук зомбулуктун,суициддин,кылмыштардын алдын алуу абалын билүү максатында анкеталарды иштеп чыгуу;

-окуучулардын тартибине,ден –соолугуна көзөмөлдүү күчөтүү

-класс жетекчилер менен биргеликте иш алып барууну күчөтүү жана жандандыруу;

-окуучуларды райондук,облустук,республикалык сынактарга катыштыруу, орундарга ээ болуу.